**Каралды:**
**Педагогикалык кеңештин**
**№1 протоколунда**
**“29” август 2022-жыл**

**Бекитем:**
**№ 94 жалпы орто билим берүү мектебинин милдетин аткаруучу**

**Ажыгулова К.К.**

**МЕКТЕПТЕ ПРЕДМЕТТИК ОЛИМПИАДАНЫ ӨТКӨРҮҮ ТАРТИБИ ЖӨНҮНДӨ ЖОБО**

**1. Жалпы жоболор**

**1.1**.Мектепте предметтик олимпиада таланттуу жана шыктуу балдарды аныктоо, окуучулардын билимге болгон кызыгуусун арттыруу үчүн өткөрүлөт.

**1.2.**Мектептеги предметтик олимпиадада- мектеп окуучулары арасында өткөрүлүүчү олимпиаданын биринчи баскычы. Мында өз каалоосу менен 5тен 11-класска чейин окуучулар катыша алат. Өткөрүү мөөнөтү- калыптанган ирээт жана №94 ЖОББ мектебинин иш планына жараша бирнчи окуу чейрегинин аягы же экинчи окуу чейрегинин башында. Олимпиаданын биринчи баскычын уюштуруу комитетинин жана калыстардын функциясы предметтик мугалимдердин арасында бөлүштүрүлөт.

**1.3**.Мектепте предметтик олимпидасы- педагогикалык жамааттын шыктуу балдар менен ишинин көрсөткүчү жана бул жагдай алардын сабактарда гана эмес, андан тышкаркы ишмердигинин ( ийримдерге, секция, студияларда ж.б.) окуучулардын сабакка билим берүү программасынын чегинен сырткары кызыгуусун өнүктүрүүнүн көрсөткүчү болуп, интернетте, сурап -билүү жана илилмий популярдуу адабиятта кошумча маалыматтарды өз алдынча издөөгө шыгын арттырууга мүмкүнчүлүк берет.

**1.4**. Мектепте предметтик олимпиада төмөнкү сабактардан өтүшү мүмкүн:
кыргыз тили, орус тили, математика, физика, химия, биология, география, тарых,

информатика, англис тили ж.б. окуу планында окутулган окуу предметтери боюнча.

**2. Олимпиаданын максаты**

**2.1.** Илимий билимдерди жайылтуу жана окуучулардын чыгармачыл ишмердикке кызыгууну өнүктүрүү.

**2.2.** Балдардын дилгирлигин колдонууга, окуучулардын кызыгуусун арттырууга, шыктуу окуучулар менен иштөө программасын аткаруунун алкагында багытын эрте тандоого шарт түзүү.

**2.3.** Окуучуларды илимий-практикалык ишмердикке тартуу.

**2.4.** Олимпиданын экинчи баскычына катышуу үчүн эң күчтүү окуучуларды аныктоо.

**3. Олимпиаданы уюштуруу жана өткөрүү тартиби**

**3.1.** Мектепте предметик-олимпиаданы өткөрүү үчүн жооптуу- билим берүү мекемесинин мугалимдеринин методикалык бирикмесинин төрагасы (же илимий-методикалык кызматынын жетекчиси).

**3.2.** Тесттеги тапшырмалардын мазмуну тийиштүү мугалимдер тарабынан сабактын өзгөчөлүгүнө жараша иштелип, методикалык бирикмеде бекитилет. Муну менен бирге, бул тапшырмалардын жообу жана ар бир аткарылган тапшырма үчүн берилүүчү упайдын саны талкууланат. Ошондой эле, (таталдыгына жараша) баалоонун критерийлерине көнүл бурулат.

**3.3.** Тапшырмаларды мектептин өзүндө иштеп чугууга мүмкүн болбогон учурда, биринчи баскыч үчүн теоретикалык эксперименталдык тапшырмалардын тексттерин шаардын методикалык кабинетинен сураса болот.

**3.4.** Предметтик олимпиадалар мугалимдердин жыйналышында же мекеменин жетекчилиги менен макулдашуу боюнча сабактан тышкаркы учурда өткөрүгө мүмкүн.

**3.5.** Олимпиада бардык класстары үчүн бир күндө, бекитилген график боюнча өткөрүлөт.

**3.6.** Класстардын параллелинин олимпиадасын бир же бир нече мугалим өткөрөт.

**3.7**. Олимпиадада жетекчиликтин же методикалык бирикменин өкүлү катыша алат.

**3.8.** Мектепте предметтик олимпиаданы өткөрүү мөөнөтү жана шарттары менен окуучулар башталышынан 10 күн мурун тааныштырылат.

**3.9.** Олимпиданын жазуу тапшырмаларын тийиштүү сабактын мугалимдери текшерет. Ар бир тапшырма өзүнчө бааланат.

**3.10.** Өткөн олимпиаданын жыйынтыктары бардык катышуучуларга өткөрүлгөндөн кийин эки күндөн кеч эмес убакытта жарыялынышы керек.

**3.11.** Байгелүү орундарды ар бир параллель боюнча биринчи, экинчи жана үчүнчү орундарды, иши үчүн эң көп упай топтогон катышуучулар алат.

**3.12.** Сабактар боюнча олимпиаданын биринчи баскычын жеңүүчүлөр мектептик грамоталар менен же сыйлыктар менен сыйланат, ошондой эле ар бир сабак боюнча предметтик олимпиаданын кийинки баскычына Олимпиада тууралуу Жобонун негизинде катышууга жолдомо алышат.

**4. Олимпиданын катышуучуларынын укуктары**

**4.1**. Олимпиаданын уюуштуруучулары жана ага катышкан мугалимдер билим берүү мекемесинин жетекчилиги тарабынан эс алуу күнү, сыйлыктарды ж.б. белектер менен белгиленүүсү мүмкүн.

**4.2.** Олимпидананын биринчи баскычында ат салышууга ниеттенип, бирок оорудан же кандайдыр бир башка жүйөлүү себептерден улам катыша албай калгандар, өзүнчө тапшырма алууга же олимпиаданын экинчи басыкчына катышууга чакыруу алууга укуктуу.

**4.3** Олимпиаданын ар бир катышуучусу жыйынтык чыккандан кийин өз иши менен таанышып, кийинки ийримдик отурумда текшерген мугалимден, же олимпиаданын тапшырмаларынын жооптору менен чыгарылган маалымкатынан бардык түшундурмөлөрдү ала алат.

**5. Олимпидананын катышуучуларынын жоопкерчилиги**

**5.1.** Олимпиаданын уюштуруучулары жана предмет боюнча мугалимдер олимпиаданын тексттеринин даяр эместиги жана мөөнөтүн бузгандыгы үчүн жоопкерчилик тартышат.

**5.2.** Билим берүү мекемеси боюнча буйрук менен олимпиаданын биринчи басыкчынын жыйынтыктары чыгарылып, ар бир класс боюнча экинчи баскычтын катышуучуларынын курамы аныкталат. Ошондой эле, бул документте курама команданы коштоочу

дайындалып, ага катышуучулардын өмүрү жана ден соолугу үчүн жоопкерчилик жүктөлөт.

**6. Олимпиаданын иш кагаздары**

**6.1.** Мектепте предметтик олимпианын иш кагаздарын тариздөө ага жооптуу адам тарабынан түзүлөт (илимий усулдук иштери боюнча жетекчи).

**6.2.** Көрсөтүлгөн маалымкат жана байгелүү орунду алган окуучулардын тизмеси директордун окуу-тарбия иштери боюнча орун басары тарабынан райондук (шаардык) билим беррүү башкармалыгына бекитилген нускама боюнча жиберилет.